УДК 598.5/595.4

# ОШ ШААРЫНЫН ЖАСАЛМА ЖЭЭК ЭКОТОНДОРУНДАГЫ МАЙДА СҮТ ЭМҮҮЧҮЛӨРДҮН ИКСОДА (IXODIDAE) КЕНЕЛЕРИ

***Кудайберди кызы Зейнегул***
*Ош мамлекеттик университети, Ош, Кыргызстан*

Иксода кенелери адамдын жана жаныбарлардын трансмиссивдик, жаратылыштык-очоктук ооруларынын чоң группасын таркатуучулар болуп саналат. Алар жаз-жай кене энцефалитин, геморрагикалык лихорадканы, туляремияны, кене боорелиозун (Лайма оорусу), кене бөртмө келтеси, кайталанма кене келтеси ж.б. бир катар оорулардын козгогучтарын таркатышат. Мындан сырткары чума оорусунун козгогучун потенциалдык ташуучу катары саналат.

***Негизги сөздөр:*** Жасалма жээк экотон, майда сүт эмүүчүлөр, түрдүк курам, жаратылыштык-очоктук оорулар, синантроптук, космополиттик түр.

Акбуура дарыясы Ош шаарын кесип өтөт жана анын жээктери дарак-бадал өсүмдүктөрүнө бай келип шаарга өзгөчө климат түзүп турат. Акбуура дарыясынын кеңдиги 15-50 метрге жетет.

Акбуура дарясынын узундугу шаар чегинде 12,8 км. түзүп шаарды чыгыш жана батыш бөлүктөрүнө бөлүп турат.

Акбууранын жана каналдардын жээктериндеги дарак-бадал өсүмдүктөрү шаардын жогорку гана чегинде жана айыл ичиндеги бактарда гана сакталган. Шаардын чегинде Акбуура дарясынын орточо кеңдиги 20 метрди, каналдардын кеңдиги 10-15 метрди түзөт.

Акбуура дарыясы шаардын чегинде бир топ каналдарга бөлүнөт. Ал каналдардын эң ирилери Араван, Увам жана Кайрыма болуп саналат.

Араван каналы – Төлөйкөн жана Учар айылдарынан, Увам каналы шаардагы көп этаждуу үйлөр аркылуу, ал эми Кайрыма шаардын батыш бөлүгүндөгү адырлар аркылуу агып өтөт. Булар тиби боюнча жасалма жээк экотондору болуп саналышат. Мындай жасалма жээк экотондорунун фаунасын изилдөө өзгөчө илимий кызыгууларды жаратат. Бул каналдардын жээктерин байырлаган, экосистемада орду чоң жана түрдүү жугуштуу оорулардын потенциалдык резервуарлары катары болгон майда сүт эмүүчүлөр фаунасынын учурдагы абалын жана аларда митечилик кылган иксода кенелеринин түрдүк курамын, сандык көрсөткүчтөрүн изилдөө биздин илимий ишибиздин актуалдуулугу болуп саналды.

## МАТЕРИАЛ ЖАНА ИЗИЛДӨӨ УСУЛДАРЫ

Майда сүт эмүүчүлөрдүн түрүн так аныктоо жана классификациялоо ОшМУнун зоология жана экология кафедрасынын “Жаныбарларды камералдык изилдөө лабораториясында” жүргүзүлдү. Мында алардын баш сөөктөрүн кайнатылып жана тазаланып, краниологиялык изилдөөлөрдүн жардамында жана тиштеринин морфологиялык түзүлүш өзгөчөлүктөрүнө жараша атайын аныктагычтарды [6]; [7]; [8] пайдалануу менен жүргүзүлдү. Түрлөрдүн аныктоонун тууралыгы б.и.к. К.И.Алтыбаев тарабынан жүргүзүлдү.

Сандык көрсөткүчтөр Л.Ф.Лакин [9], П.Ф.Рокицкийдин колдонмолорунан алынган формулалардын жардамында статистикалык иштетилди. Мындан сырткары эсептөө иштери биостатистика боюнча түзүлгөн атайын компьютердик программанын жардамында жүргүзүлдү.

Биздин изилдөөлөр жалпы кабыл алынган зоологиялык методдордун жардамында жүргүзүлдү.

Майда сүт эмүүчүлөрдү кармоо жана аларга эсеп жүргүзүү зоологиялык жана экологиялык илимий изилдөөлөрдө колдонулуучу *капкан-линия усулунун* жардамында жүргүзүлдү.

Майда сүт эмүүчүлөрдүн сандык көрсөткүчтөрүн алуу үчүн жалпысынан 1400 капкан-сутка иштетилип, анын натыйжасында 75 экземпляр майда сүт эмүүчү кармалды жана алардан 52 экземпляр иксода кенелери терилип алынды.

## ИЗИЛДӨӨ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

Азыркы учурда түштүк Кыргызстандын аймагында чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн түрдүк курамы, жаратылыштык ландшафттарда таралыштары (вертикалдык, горизонталдык), сандык көрсөткүчтөрүн аныктоо, табигый жана өзгөрүлгөн ландшафттарда булардын учурдагы экологиялык, фауналык абалдарын изилдөө учурдун талабы болуп саналат.

Кемирүүчүлөрдүн түрдүк курамы жана кайсы түрлөрү сандык жактан жогорку орунга ээ экендиги жөнүндөгү маселелер жаратылыштык жана адамдык көз караш менен караганда өтө орчундуу маселе болуп эсептелет. Себеби, сүт эмүүчүлөрдүн ичинен көп түрдүүлүккө ээ (түрдүн саны боюнча) болгон группа болуп, ушул кемирүүчүлөр эсептелет. Мисалы, кемирүүчүлөрдүн түрдүк курамы КМШ боюнча 150 түрдү, ал эми Кыргызстандын жаратылышында 28 түрдү түзөт.

Кыргызстандын сүт эмүүчүлөр фаунасынын ичинде чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн 23 түрү кездешет.

Ош шаарынын жасалма жээк экотондорунда биз майда сүт эмүүчүлөрдүн 7 түрүн кармадык (1-таблица). Алардын баары Кыргызстандын аймагы үчүн кеңири тараган кадимки түрлөр болуп саналышат.

Ош шаарынын жасалма жээк экотондорунда кармалган майда сүт эмүүчүлөрдүн ичинен абсолюттук түрдө үстөмдүүлүк кылган түр болуп – үй чычканы катталды. Тактап айтканда, анын үлүшүнө кармалган бардык кемирүүчүлөрдүн ичинен

28,0±5,18% туура келээри аныкталды. Үй чычканы - негизинен жер шаарынын бардык жерлеринде кездешүүчү космополиттик түр болуп саналат.

Биздин изилдөөлөрдө, майда сүт эмүүчүлөрдүн ичинен боз келемиш саны жагынан субдоминант катары белгилүү болду, анын сандык үлүшү 18,6±4,29% түздү.

Биздин изилдөөлөрдө эң аз санда кармалган жаныбар – кадимки момолой болуп саналды. Анын сандык үлүшү 6,66±2,88% гана т

Таблица 12.Ош шаарынын жасалма жээк экотондорунда кармалган майда сүт эмүүчүлөрдүн түрдүк курамы

| № | Жаныбарлардын түрлөрү | Кармалган жандыктардын саны | |
|---|---|---|---|
| | | абс. | % |
| 1. | Токой барак куйругу | 9 | 12,0±3,75 |
| 2. | Кадимки момолой | 5 | 6,66±2,88 |
| 3. | Токой чычканы | 11 | 14,6±4,08 |
| 4. | Үй чычканы | 21 | 28,0±5,18 |
| 5. | Туркестан келемиши | 8 | 10,6±3,56 |
| 6. | Боз келемиш | 14 | 18,6±4,29 |
| 7. | Кичи ак тиш жер чукуур | 7 | 9,33±3,35 |
| | Бардыгы: | 75 | |

Кармалган майда сүт эмүүчүлөрдүн түрлөрүнүн изилденген эки каналдын жээк экотондорундагы түрлөрүнүн саны боюнча алганда Араван каналында 7 түр, ал эми Увам каналында 6 түр катталды (2-таблица). Алардын сандык үлүштөрү түрдүүчө.

Араван каналынын жээк экотондорунда кармалган майда сүт эмүүчүлөрдүн сандык үлүшү жагынан үстөмдүүлүк кылган түр болуп үй ччыканы саналат. Тактап айтканда анын сандык үлүшү бардык майда сүт эмүүчүлөрдүн ичинен 26,5±4,21% түзөт. Экинчи орунда боз келемиш турат (18,3±4,35%). Бул жээк экотонунуда эң аз санда кадимки момолой кездешти. Анын үлүшү болгону 4,08±1,11% түзд

Таблица 2.Ош шаарынын жасалма жээк экотондорунда кармалган майда сүт эмүүчүлөрдүн түрдүк курамы

| № | Жаныбарлардын түрлөрү | Каналдардын аталышы | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Араван | | Увам | |
| | | Абс. | % | Абс. | % |
| 1. | Токой барак куйругу | 6 | 12,2±3,21 | 3 | 11,5±4,23 |
| 2. | Кадимки момолой | 2 | 4,08±1,11 | 3 | 11,5±4,23 |
| 3. | Токой чычканы | 7 | 14,3±2,95 | 4 | 15,4±5,07 |
| 4. | Үй чычканы | 13 | 26,5±4,21 | 8 | 30,7±6,05 |
| 5. | Туркестан келемиши | 5 | 10,2±2,33 | 3 | 11,5±4,23 |
| 6. | Боз келемиш | 9 | 18,3±4,35 | 5 | 19,2±7,72 |
| 7. | Кичи ак тиш жер чукуур | 7 | 14,3±2,95 | - | - |
| | Бардыгы: | 49 | | 26 | |

Увам каналынын жээк экотондорунда да майда сүт эмүүчүлөрдүн кармалган 6 түрүнүн ичинен үй чычканы басымдуулук кылды. Анын сандык үлүшү 30,7±6,05% түздү. Токой барак куйругу, кадимки момолой жана туркестан келемишинин үлүштөрү бирдей, башкача айтканда 11,5±4,23% ээ.

Ош шаарынын жасалма жээк экотондорунда кармалган майда сүт эмүүчүлөрдүн иксода кенелеринин түрдүк курамы

Кыргызстанда белгилүү болгон иксода кенелеринин 28 түрүнүн ичинен Ош шаарынын жасалма жээк экотондорунда кармалган майда сүт

эмүүчүлөрдө *Ixodes* жана *Dermacentor* урууларына таандык болгон 4 түр кене табылды (3-таблица). Алардын ичинен *D.marginatus* саны жагынан үстөмдүүлүк кылат. Андан кийинки орунга субдоминант катары *Ixodes stromi* чыкты. Бул эки түрдүн сандык үлүшү тиешелүү түрдө 46,1±6,91% жана 23,1±5,84% түздү. *D.montana* – сандык үлүшү жагынан кийинки орунда, тактап айтканда 21,1±3,66% ээлейт. Ал эми калган бир түрдүн саны алда канча төмөн.

Таблица 3. Ош шаарынын жасалма жээк экотондорунда кармалган майда сүт эмүүчүлөрдүн иксода кенелеринин түрдүк курамы

| № | Кенелердин түрлөрү | Терилген кенелердин саны | |
|---|---|---|---|
| | | Абс. | % |
| | Ixodes stromi | 12 | 23,1±5,84 |
| | Dermacentor marginatus | 24 | 46,1±6,91 |
| | D.pavlovskyi | 5 | 9,61±3,08 |
| | D.montana | 11 | 21,1±3,66 |
| Бардыгы: | | 52 | |

**КОРУТУНДУ**

Ош шаарынын жасалма жээк экотондорунда майда сүт эмүүчүлөрдүн 7 түрү байырлайт. Алардын баары Кыргызстандын аймагы үчүн кеңири тараган кадимки түрлөр болуп саналышат. Кармалган майда сүт эмүүчүлөрдүн ичинен абсолюттук түрдө үстөмдүүлүк кылган түр болуп – үй чычканы катталды.

Кармалган майда сүт эмүүчүлөрдүн түрлөрүнүн изилденген эки каналдын жээк экотондорундагы түрлөрүнүн саны боюнча алганда Араван каналында 7 түр, ал эми Увам каналында 6 түр катталды. Бул эки каналдын тең жээк экотондорунда кармалган майда сүт эмүүчүлөрдүн сандык үлүшү жагынан үстөмдүүлүк кылган түр болуп, синантроптук түр болуп саналган - үй чыканы катталды.

Кыргызстанда белгилүү болгон иксода кенелеринин 28 түрүнүн ичинен Ош шаарынын жасалма жээк экотондорунда кармалган майда сүт эмүүчүлөрдө *Ixodes* жана *Dermacentor* урууларына таандык болгон 4 түр кене табылды. Алардын ичинен *D.marginatus* саны жагынан үстөмдүүлүк кылат. Андан кийинки орунга субдоминант катары *Ixodes stromi* чыкты.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Алтыбаев К.И. и др. Иксодовые клещи мышевидных грызунов различных высотных поясов Ошской области. Труды Международной научной конференции // Вестник Ошского Государственного Университета. Серия Естественные науки. Ош, 2001,№1. – С78-84.
2. Кулназаров Б.К. Материалы к изучению млекопитающих на преобразованных ландшафтах Южного Кыргызстана [Текст] / Б.К. Кулназаров, Г.А.Садыкова // Актуальные экологические проблемы Кыргызстана: Материалы Респ. науч. конф.Ош, 1993. – С. 38-39.
3. Кулназаров Б.К., Садыкова Г.А., Манасов П. А., Алтыбаев К.И. Мелкие млекопитающие преобразованных ландшафтов юга Кыргызстана // Исследования живой природы Кыргызстана. Бишкек, 2000. – Вып.3. – С.109-114.
4. Кузнецов, Б.А. Звери Киргизии [Текст] / Б.А.Кузнецов.- М.: Изд-во Моск. о-ва испытат. природы, 1948. – 209 с.
5. Виноградов Б.С. Млекопитающие //Памирская экспедиция 1928г. : Тр. экспедиции. Л., 1931.- Вып.8. –С.1-22.
6. Млекопитающие Киргизии [Текст] /А.И.Янушевич, Б.М. Айзин, А.К.Кыдыралиев; отв. ред. И.М.Громов, А.И.Янушевич. Фрунзе: Илим, 1972. – 464 с.
7. Дементьев, Д.П. Список млекопитающих (Mammalia) Киргизской ССР [Текст] / Д.П.Дементьев. Фрунзе: Кирг. гос. музей краеведения, 1938. – 15 с.
8. Кулназаров Б.К., Алтыбаев К.И., Стамалиев К.Ы., Атабеков У.А. Мышевидные грызуны южного Кыргызстана. Материалы Республиканской научно-практической конф., посвященной 70-летию факультета биологии // Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. Серия 5. Т.1. Биологические науки. Бишкек, 2003. – С.82-87.
9. Кулназаров, Б.К. Кыргызстандын жаныбарлар дүйнөсү, аларды коргоо жана сарамжал пайдалануу проблемалары [Текст] / Б.К.Кулназаров, Н.Б.Байдоолотов, Б.А.Токторалиев.Ош, 1994. – 176 с.